**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov st., Bishkek 720040
E-mail: **minedukg@gmail.com**

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
**http://edu.gov.kg**

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 2287/1 2022 жылдын «11» ноября

**Мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарын кошумча экспертизалоо тартибин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы №189 “Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө” токтому менен бекитилген билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоонун тартибинин 17-пунктундагы шарттуу аккредитацияланган же аккредитациялоодон баш тартылган мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарын кошумча экспертизалоо талабын аткаруу максатында ***буйрук кылам:***

1. Шарттуу аккредитацияланган же аккредитациялоодон баш тартылган мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарын кошумча экспертизалоо тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Райондук (шаардык) билим берүү бөлүмдөрү (башкармалыктары, борборлору):

- шарттуу аккредитацияланган же аккредитациялоодон баш тартылган мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарын кошумча экспертизалоодон ушул буйруктун 1-пункту менен бекитилген тартипте өткөрсүн;

- кошумча экспертизалоонун жыйынтыгын министрликке жазуу жүзүндө билдирсин.

3. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Аккредитациялоо секторуна жүктөлсүн.

**Министрдин орун басары** **Н.С. Джусупбекова**

**Тиркеме**

КР ББиМ 2022-жылдын
11 -ноябрындагы
2284/1 буйругу менен
БЕКИТИЛДИ

**Шарттуу аккредитацияланган же аккредитациялоодон баш тартылган мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарын кошумча экспертизалоо**
**ТАРТИБИ**

1. Бул Тартип шарттуу аккредитацияланган же аккредитациялоодон баш тартылган мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарын кошумча экспертизалоонун жол-жобосун белгилейт.

2. Шарттуу аккредитацияланган же аккредитациялоодон баш тартылган мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарын кошумча экспертизалоо тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы № 189 токтому менен бекитилген билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоонун тартибинин 17-пунктунун талаптарын аткаруу максатында иштелип чыкты.

3. Кошумча экспертизалоонун максаты болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- шарттуу аккредитацияланган же аккредитациялоодон баш тартылган мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарындагы аккредитациялоо учурунда аныкталган кемчиликтердин орун алышынын себептерин аныктоо;
- аныкталган кемчиликтерди жоюу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу жана билим берүү уюмунун ишин жакшыртуу боюнча иш-чараларды ишке ашыруу;
- кемчиликтерди жоюу боюнча методикалык жардам көрсөтүү.

4. Кошумча экспертизалоо өзүнө институционалдык жана программалык акрредитациянын минималдык талаптарын билим берүү уюму тарабынан аткаруу боюнча аныкталган кемчиликтердин орун алышынын себептерин жана алардын жоюлушун текшерүүнү камтыйт.

5. Кошумча экспертизалоо райондук/шаардык билим берүү бөлүмүнүн/башкармалыгынын коллегиясында аккредитациялоонун жыйынтыгы каралгандан кийин жүргүзүлөт.

6. Кошумча экспертизалоо райондук/шаардык билим берүү бөлүмүнүн/башкармалыгынын жетекчисинин буйругу менен түзүлгөн комиссия тарабынан аткарылат. Комиссия 5 кишиден турат.

7. Комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирет:

- райондук/шаардык билим берүү бөлүмүнүн/башкармалыгынын өкүлү – Комиссиянын төрагасы;
- айыл өкмөтүнүн өкүлү;